**“Бекитемин”**
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, ф.-м.и.д., профессор
_____________ Кожобеков К.Г.
2021-жылдын “01” 03 ______

Ош мамлекеттик университетинин “экономикалык география, тармактык экономика жана туризм” жана “физикалык геграфия, колдонмо геодезия жана табият таануунун концепциялары” кафедраларынын 2021-жылдын 22-февралында болуп өткөн кеңейтилген кеңешмесинин № 7 протоколунан көчүрмө

**Катышкандар:** Самиев К.Т., экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент, 25.00.24; Шербаева З.Э., физикалык геграфия, колдонмо геодезия жана табият таанунун концепциялары кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент, 25.00.23; Низамиев А.Г., г.и.д., профессор, 25.00.24; Турдиев Т.И., э.и.д., 08.00.05; Обдунов Э.А., г.и.к., доцент, 25.00.27; Алайчиев Э.К. г.и.к., доцент; 25.00.24; Эргешов С.Э., г.и.к., доцент, 25.00.23; Артыкбаева С.Ж., г.и.к., 25.00.24; Сатыбалдиев Б.С., г.и.к., доцент, 25.00.23; Сайпидинов И.М., э.и.к., доцент, 08.00.05; Култаева А., г.и.к., доцент, 25.00.36; Абжапарова Д.А., т.и.к., доцент, 25.00.32; улук окутуучулар: Калилов К.Д., Зулушова А.Т., Шерматова Ж.Т., Исакова У.Э., Султанов Ж.М., окутуучулар: Назымов М., Камчиев У.М., Шаимкулова Р., Сарыков Р.Б., Мейманова Э.М., Аташбаев А.М., Шералы уулу Н., Базарбаева Г.Б.

Кеңешменин төрагасы, г.и.к., доцент — Самиев К.Т.
Катчы, окутуучу — Базарбаева Г.Б.

**Күн тартибинде:**

1.Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын окутуучусу Момошева Гулиза Абылкасымовнанын “Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)” деген темадагы 25.00.24. – “экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география” адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасы үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Илимий консультант: Низамиев А.Г., г.и.д., профессор;
Рецензенттер: Турдиев Т.И., э.и.д., доцент; Артыкбаева С.Ж., г.и.к., улук окутууч.

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы Самиев К.Т. катышкандарга күн тартибиндеги каралуучу Г.А.Момошеванын география илимдеринин кандидаты илимий даражасы үчүн жазылган диссертациялык иши талкуулоо боюнча

тиешелүү документтери менен таныштырды жана диссертант Г.А.Момошевага сөз берди.

Г.А.Момошева диссертациялык ишинин мазмуну боюнча билдирүү жасады жана анда төмөндөгүлөрдү белгилеп өттү. Диссертант илимий иштеги максатына жана маселелерине, иштин жаңылыгына, практикалык баалуулугуна, изилдөөнүн усулдарына, ар бир баптардын негизги мазмунуна жана диссертациядагы алынган жыйынтыктарына токтолуп өттү.

**Изденүүчүгө берилген суроолор жана жооптор:**

**Обдунов Э.А., г.и.к., доцент**: Азыркы мезгилде райондорду ирилештирүү саясаты жүрүп жатат, илимий ишиңизде ушул маселе эске алындыбы? Шаар статусун алуу бюджетке да жүк алып келиши мүмкүнбү?

**Жооп:** Рахмат. Кыргыз Республикасындагы административдик бирдиктерди ирилештирүү саясатын биз колдойбуз. Бул территориялык башкарууну эффективдүү алып барууга жана бюджеттик каражаттарды үнүмдөөгө жол ачат. Ал эми калкынын саны белгилүү бир чекке жеткенде шаар статусун бере берүү туура эмес деп эсептейм. Мында шаар аныктамасына ылайык, калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасына байланышпаган тармактарда иштеши керек, тиешелүү шаар инфраструктурасы, шаар архитектурасы болушу зарыл деп эсептейбиз.

**Назымов М., окутуучу:** Райондук деңгээлдеги шаар менен областтык деңгээлдеги шаардын айырмасы эмнеде? Кадам-Жай официалдуу түрдө шаар деп аталганбы?

**Жооп:** Тиешелүү мыйзамга жана статистикалык маалыматтарга ылайык Кыргыз Республикасындагы шаарлар райондук, областтык жана республикалык деңгээлдеги шаар конуштары болуп бөлүнөт. Биз карап жаткан аймакта 9 шаар райондук, 5 шаар областтык деңгээлдеги шаарлар болуп бөлүнөт. Кадам-Жай 2001-жылы расмий түрдө шаар макамын алган.

**Зулушова А.Т., улук окутуучу**: Илимий изилдөө ишиң Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында болуп жатат, сен кантип ойлойсуң Базар-Коргонго шаар статусун берүү туура болдубу?

**Жооп:** Бул калктуу конушуна калкынын санын эске алуу менен шаар макамы берилди. Мындан башка да, мен жогоруда айтып өткөндөй, калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасына байланышпаган тармактарда иштеп, тиешелүү шаар инфраструктурасы болушу зарыл.

**Сатыбалдиев Б.С., г.и.к., доцент:** Шаар, айыл, кыштак категориясы бар, кичи шаарларда канчадан депутаттык орундар бар, бул шаардын бюджетинин калыптанышына түздөн-түз таасир этет. Деңиз деңгээлинен жайгашуу абалы деген сөз эмнени түшүндүрөт? Кара-Суу чоң шаарга киреби?

**Жооп:** Бизде тиешелүү мыйзамдарга ылайык шаар жана айыл деген гана категорялар бар. Кыштак деген жок. Депуттардын саны калктуу конуштардын калкынын санына жараша болот жана ал шаардын бюджетинин калыптанышына түздөн-түз таасир этет дегениңизге түшүнбөдүм. Ар бир шаардын деңиз деңгээлине жараша орду бар жана ал илимий иште каралган. Биздин сунуш кылган классификация боюнча (башкалар боюнча да) Кара-Суу кичи шаарларга кирет.

**Эргешов С., г.и.к., доцент:** Кичи шаарлар боюнча Орто Азияда жакшы илимий иш башталыптыр, бул кичи шаарларды изилдөөдө аймактын башка окумуштууларынын эмгектерин карадыңызбы?

**Жооп:** Ооба, илимий ишти кароодо Кыргызстандын окумуштууларынын эмгектери менен чектелген жокпуз, алыскы чет өлкөлөрдүн, Россиянын, ошондой эле Борбордук Азиянын илимпоздорунун эмгектерин колдондук. Мисал катары атап өтсөм: Абдуназаров С.А. (Өзбекстандын Жызак областы боюнча караган), Салиев А., Янчук С.Л. ж.б.

**Алайчиев Э.К., г.и.к., доцент:** Шаар жана кичи шаар деген түшүнүктөр бар, кичи шаарлардын жаралуусу дегенди кандай түшүнсө болот?

**Жооп**: Шаарларды классификациялоо боюнча илимий да, расмий да ар кандай көз караштар бар. Биз аларды өз ишибизде белгилеп өттүк. Кыргыз Республикасын географиялык жактан чакандыгын, калкынын санынын салыштырмалуу көп эместигин эске алуу менен шаар конуштарын классификациялоодо 3 категоряны сунуш этебиз: кичи, орто жана чоң шаарлар. Биздин иликтөөбүзгө ылайык, калкы 50 миңге жетпеген шаар конуштарын кичи шаар деп алдык. Мындай категориядагы шаарлар түштүк аймакта 14тү түзөт. 2021-жылдын башында Базар-Коргонго шаар макамынын берилиши менен 15ке жетти. Ал эми өлкөдөгү шаарлардын саны 32ге барды.

**Исакова У.Э., улук окутуучу:** Шаарлардын деңиз деңгээлинен бийиктиги кичи шаарлардын социалдык-экономикалык деңгээлине кандай таасир этет?

**Жооп**: Рахмат. Шаарлардын жайгашуусу боюнча деңиз деңгээлинен бийиктиги кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө түздөн-түз таасири бар десек болот. Деңиз деңгээлинен бийиктеген сайын ар кандай чыгымдар көбөйүшү мүмкүн. Мисалы, транспорттук чыгымдар, башкача айтканда, транспорт каражаты жогору жүргөндө күйүүчү жана башка майларынын чыгымы өсөт, аба ырайынын катаалдашына байланыштуу жылуулукка болгон чыгымдар көп болот.

**Самиев К.Т., г.и.к., доцент**: Бул тема ушул мезгилге чейин мурда изилденгенби жана кайсы адабияттарды пайдаландыңыз?

**Жооп**: Кыргызстанда кичи шаарларды экономикалык-географиялык жактан биринчи изилдөө болуп эсептелет. Экономикалык илим жагынан Ж.М.Кемелдинова 2009-жылы кандидаттык ишин жактаган. Баарыбызга белгилүү болгондой, экономикалык-географиялык жактан 2019-жылы Бишкек мамлекеттик университетинин окумуштуусу М.М.Дылдаев “Эколого-экономическая оценка устойчивого развития урбанизированных систем Кыргызской Республики” деген темада докторлук диссертациясын коргоду. Анда жалпы Кыргызстандагы урбанизация маселелери менен катар кичи шаарлар да каралып кеткен.

**Култаева А.К., г.и.к., доцент:** Сиздин оюңузча кичи шаарлар пландуу өнүгүп жатабы же чар-жайыт өнүгүп келе жатабы?

**Жооп**: Ар бир шаардын өнүгүү программалары жана аларга ылайык өнүгүү пландары бар. Изилдөө мезгилинде биз айрым шаардардан өнүгүү программалары менен таанышып чыктык. Бирок кээ бир өнүгүү маселелеринде чар-жайыттык бар

десек болот. Мисалы, бул айрыкча турак-жай обьектилерин курууда байкалат. Көп шаарлардын базарлары да ушундай абалда десек жаңылышпайбыз.

Суроо-жооптордон кийин сөз рецензенттер э.и.д., доцент Т.И.Турдиевге жана г.и.к., улук окутуучу С.Ж.Артыкбаевага сөз берилди.

Сөз кезеги илимий консультант, г.и.д., профессор А. Г. Низамиевге берилди.

**Низамиев А.Г., г.и.д., профессор:** Изденүүчү Г.Момошева бул теманын үстүнөн 2010-жылдан бери иштеп келди. Мен илимий талдоолорун жана жыйынтыктарын эске алуу менен оң маанидеги пикир жазып бердим. Бул иш боюнча берилген айрым суроолорго байланыштуу бир аз кеңири түшүнүк берип кетсем, бул иште бюджет маселеси каралган жок, ал экономикага байланыштуу, бул иш экономикалык жана социалдык географияга тиешелүү. Шаар конуштары боюнча жакшы суроолор болду, бардык айтылган о-пикирлер эске алынат. Шаарларды категорияга бөлүү концепцияда каралган, бул иште 3 эле категория сунушталды – бул автордун эмгеги. Эң негизгиси ишти аткаруу кыйын болду, себеби, маалыматтарды табуу кыйынчылык жаратты. Кичи шаарларга экономикалык-, социалдык-географиялык жактан компоненттик баалоо жүргүзүлдү. Калктын санына карап эле шаар статусун берүү туура эмес. Иш илимий стилде кыргыз тилинде жазылды. Баранский, Саушкин, Оторбаевдин фундаменталдык эмгектери колдонулду. Азыркы талап боюнча бардык иштер толук аткарылды. Илимий-логикалык жыйынтык бар. Статистикалык маалыматтар так алынган, булагы бар, көлөмү боюнча талапка жооп берет. мына ушуга байланыштуу илимий иш жактоого сунуштоого татыктуу деп эсептейм.

**Самиев К.Т., г.и.к., доцент:** Урматтуу кесиптештер, эми талкуга өтөбүз. Кимде кандай сунуштар бар?

**Камчиев У.М., ага окутуучу**: Мен бул иш менен толук таанышып чыктым. Илимий-практикалык мааниси бар деп эсептейм. Кичи шаарлар түшүнүгү адабий булактарды талдоонун негизинде такталып, Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлар тиешелүү функционалдык-типологиялык топторго бөлүнгөн. Мындай кароодо функционалдык критерий башкы мааниге ээ болуп, шаардын аймактагы жана коомдогу маани-маңызы жана кызматы даана жана так аныкталган. Мен коргоого сунуш кыламын.

**Эргешов С., г.и.к., доцент:** Бул тема өтө кызыктуу жана актуалдуу, чоң иш, шаарлардын классификациясы туура жүргүзүлгөн. Изилдөө усулдары жакшы берилген, ГИС изилдөө усулдарын дагы кеңири колдонсо да сонун болот эле. Кыргызстандын түштүк аймагынын кичи шаарларынын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрү типтештирүү мен үчүн иштин дагы бир жакшы жагы десем болот. Мен да жогорку сунушту колдоп кетем.

**Алайчиев Э.К., г.и.к., доцент:** Бул иштин темасы актуалдуу, кичи шаарлар боюнча географиялык жактан жакшы изилдөө жүргүзүлгөн. Ийгилик каалайм, сунуштарды туура кабыл алыңыз. ГИС программасы менен иштөө – бул чоң ийгилик болуп саналат.

**Обдунов Э.А., г.и.к., доцент:** Тема өтө актуалдуу – бул эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Ата мекендик илимпоздордун адабияттары

кеңири колдонулуптур. Кичи шаарлар түшүнүгү жана алардын типологиясы каралуу менен Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү, андагы көйгөйлүү маселелери жакшы иликтенген. Кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы иштеп чыгууда өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруунун, шаарлардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүү максатында шаар брендин иштеп чыгуунун зарылдыгы бул иштин негизги жетишкендиги деп эсептеймин. Мен Момошевага ийгилик каалайм.

**Сатыбалдиев Б.С., г.и.к., доцент**: Сын-пикирди туура кабыл алуу керек, адабий сөздөр кошулбасын.

**Шербаева З.Э., г.и.к., доцент:** Гулиза, илимий иш кызыктуу экен, стили жакшы. Сага чыгармачылык ийгилик каалоо менен жактоого сунуштаймын.

**Самиев К.Т., г.и.к., доцент:** Азыркы мезгилде жактоо боюнча жоболор тез-тез өзгөрүлүп жатат, бирок тиешелүү талаптарга толук жооп берет. Иштин структурасы да жакшы түзүлгөн. Өзүңөр жасаган ишти биз деп айтууга болот. Бул тема Кыргызстан боюнча биринчи иш болуп саналат. Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жана аймактык өнүгүү контексинде социалдык-экономикалык абалы өтө жакшы жана түшүнүктүү каралган. Кафедра башчысы катары айтаарым: кафедранын илимий потенциалын күчөтүү керек, ишиңизге ийгилик, ар дайым колдоого даярбыз. Анда сөздү изденүүчү Момошева Гулизага берели.

**Момошева Г.А., окутуучу**: Урматтуу төрага, урматтуу агай-эжейлер, ушул талкууга өз убактыңыздарды бөлүп келип, өзүңүздөрдүн пайдалуу ойлоруңуздарды, ошону менен катар суроо, сын-пикирлерди берип, мага бир кыйла колдоо, жардам көрсөтүп, баалуу кеңештерди бергениңиздер үчүн чоң ыраазычылыгымды билдирем. Баарыңыздарга чоң ыракмат.

Кеңешмеде каралган диссертациялык ишти адистештирилген диссертациялык кеңеште коргоого сунуш этүү боюнча ачык түрдө добуш берүү болду. Катышкандардын баары ишти коргоого сунуш этүүнү колдошту.

Ош мамлекеттик университетинин “экономикалык география, тармактык экономика жана туризм” менен “физикалык география, колдонмо геодезия жана табият таануу концепциялары” кафедраларынын кеңейтилген кеңешмесинин жыйынтыгы:

1.Изденүүчүнүн алынган илимий жыйынтыктарга жекече катышуусун Шаар экономикасын өнүктүрүү, анын тармактарын диверцификациялоо, экономикалык-географиялык абалын аныктоо жана анын ыңгайлуу жактарын пайдалуу боюнча автор тарабынан алынган илимий иштелмелер далилдейт. Диссертациялык иштеги алынган маалыматтар жеке автордун өзүнө таандык.

2.Иштеги жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын аныктыгы, иштин жаңылыгы, практикалык мааниси, илимде жана өндүрүштө пайдалануу абалы боюнча: а)иштин жыйынтыктары картографиялык, таблицалык ж.б. фактылык материалдар менен жетиштүү деңгээлде бышыкталган негизге ээ;

б)Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу кароо менен алардын өнүгүүсүндө экономикалык-географиялык абалынын өзгөчөлүктөрүнө компоненттик баалоо жүргүзүлгөн; аймактагы кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүнгөн; кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында жана өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорунун калыптандыруу жана шаар брендин түзүү концепциясы иштелип чыккан; кичи шаарлардын социалдык-экономикалык абалына комплекстүү талдоо жүргүзүү менен алардын жалпы жана мүнөздүү жактарын аныкталып, өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу зарылдыгы негизделген; в)илимий иштин жыйынтыктарын практикалык мааниси бар жана өндүрүштө пайдаланууга ылайыктуу.

3.Изденүүчүнүн илимий иштеринин баалуулугу: изденүүчүнүн жарыкка чыккан макалалары илимий иштин мазунунда камтылган жана алар иштеги талдоолордо жана жыйынтыктарда келтирилген.

4.Илимий иш 25.00.24 – «экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география» адистигине туура келет.

5.Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда толук чагылдырылышы: диссертациянын негизги илимий натыйжалары 2010-2020-жылдары илимий макалалар түрүндө Кыргызстандан тышкары Казакстан, Россия жана Тажикстандын рецензирленүүчү илимий мезгилдүү басылмаларында жарык көргөн.

Ош мамлекеттик университетинин "экономикалык география, тармактык экономика жана туризм" жана "физикалык геграфия, колдонмо геодезия жана табият таануунун концепциялары" кафедраларынын кеңейтилген кеңешмеси

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын "Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык- экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы география илимдеринин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган иши илимий жактан кандидаттык диссертациянын деңгээлинде жазылган жана ал Кыргыз Республикасынын УАКнын талаптарына толук жооп берет.

2.Илимий иш актуалдуулугу, коюлган максаты жана практикалык мааниси боюнча диссертант Момошева Гулиза Абылкасымовна география илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын алууга татыктуу.

3.Момошева Гулиза Абылкасымовнанын илимий изилдөөсү боюнча жарык көргөн макалалар диссертациялык иштин мазмунуна толук жооп берет деп табылсын.

4.Илимий иш негизинен диссертабелдүү жана ага карата айтылган сын-пикирлер, кеңештер эске алынып, кемчилдиктерин түзөтүү менен Момошева Гулиза Абылкасымовнанын "Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык- экономикалык жаңылануусунун фактору катары

(Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)” деген темадагы диссертациялык иши географиялык илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны алуу үчүн адистештирилген кеңеште коргоого сунуш этилсин.

**Кеңешменин төрагасы, экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын башчысы, география илимдеринин кандидаты, доцент** **Самиев К.Т.**

**Кеңешменин катчысы, окутуучу** **Базарбаева Г.Б.**

Доцент К.Т. Самиевдин ж/а Г.Б. Базарбаева-нанын колдорун тастыктаймын:
ОшМУнун окумуштуу катчысы,
доцент Асанбекова Дж.Ж.